# ПАМЯТНИКИ КАМЕННОГО ВЕКА НА ОКРАИНЕ Г. НАРЫН

**ЧАРГЫНОВ Т.Т.,**
**АБДЫКАНОВА А.**

В 2012 г. были проведены археологические разведочные работы по выявлению памятников каменного века в окрестностях города Нарын. С 1 по 25.08.2012 г. в составе археологического отряда работала специалистка по каменному веку к.и.н. АУЦА Абдыканова А.К. В процессе работы Абдыкановой А.К. на памятнике Айгыр-Жал 2 было заложена 3 шурфа и один небольшой раскоп.

Памятник Айгыр-Жал 2 представляет собой вытянутую возвышенность из лесса с востока на запад. Эоловые отложение сформированы на древнем русле реки Нарын, на аллювиальной подошве. Между аллювием и лессом прослеживается отложения из песка мощностью до метра.

При первичном визуальном осмотре периметра памятника были обнаружены два артефакта, технический пластинчатый краевой скол и орудие. В качестве сырья артефактов использовался халцедон.

Коллекция составляет 56 экз. Состоит из отщепов, обломков, двух пластин и одного орудия. В ходе работы археологического отряда так же было обследовано прилегающая к памятнику Ала-Мышык территория, по поиску памятников эпохи камня.

В процессе было обнаружено на южном склоне памятника небольшое скопление каменных артефактов (Рис. 4, 5.). В результате была собрана маленькая коллекция каменных артефактов. Общая характеристика собранного материала дана в таблицах 1, 2, 3, 4.

Орудийный набор составляет 3 экз., что составляет 4% от общего числа артефактов.

На памятнике Айгыр-Жал 1 (Ак-Кыя) в процессе разведочных работ Табалдиевым К.Ш. был обнаружен чоппинг. Орудие представляет собой гальку темно-серого цвета овальной формы, размерами 82,62х68,47х43,60 мм. Рабочее лезвие оформлено полукрутой и крутой ступенчато чешуйчатой крупнофасеточной ретушью и обивкой. Один из продольных сторон оббита. Пятка представляет собой гладкую поверхность гальки со следами оббитости.

Памятник Айгыр-Жал 1 (Ак-Кыя). Обнаруженное пока в единственном числе орудие чоппинг не дает нам возможности что либо сказать о местонахождении.

Памятник Айгыр-Жал 2. Каменные артефакты встречаются повсеместно в единичных экземплярах по территории всего памятника в различных от дневной поверхности глубинах, от 0,4 до 1,4 м. Такая картина объясняется, вскоре всего тем, что пока нами не было обнаружено место основной концентрации каменных артефактов (рис.1)



Рис. 1. Артефакты из памятника Айгыр-Жал

Судя по технико-типологическому анализу коллекции, местонахождение можно отнести к финальным периодам каменного века. Более объективное определение можно произвести лишь после дополнительных и тщательных исследований.

Памятник Ала-Мышык (Айгыр-Жал 3). Подъемный материал в основном сосредоточен на южном склоне возвышенности в центральной части могильника Ала-Мышык. Общее количество собранного материала составляет 75 экз. Одну третью часть составляют микропластины.

Предварительно по технико-типологическому анализу коллекции так же можно отнести к финальным эпохам каменного века. А более полную информацию мы сможем получить лишь после проведения раскопочных исследовательских работ.

В ходе экспедиции был осмотрен ранее известный грот Теке-Секирик. К сожалению, на сегодняшний день от бывшего грота остались только одни развалины. Так как он был взорван для использования породы в качестве укрепления автомобильной дороги от размыва реки Нарын.

На развалинах нами было обнаружено несколько каменных артефактов, а основная масса подъемного материала собрано на юго-западной оконечности горы. Основным сырьем изготовления орудий служила яшма, по нашему мнению. Место основного сбора подъемного материала является достаточно крутым склоном.

По технико-типологическому анализу коллекции местонахождения, можно предположить о среднепалеолитическом характере артефактов относящегося к финальной части эпохи мустье.

Таким образом, с выявлением вышеупомянутых памятников каменного века обнаруженных в Нарыне, список пополнился еще тремя памятниками.

Итак, необходимы дальнейшие работы по исследованию вышеупомянутых местонахождений. Так как на сегодняшний день в нашей Республике почти нет памятников эпох мезолита и неолита. И полномасштабное, планомерное изучение могло объяснить нам и нашим потомкам, как же развивался человек, хозяйство и культура его в эти исторические временные отрезки.

**Эсеналиева Г.**

## ЕНИСЕЙ КЫРГЫЗДАРЫНЫН ТЯНЬ-ШАНГА КӨЧҮП КЕЛИШИ

Географиялык маалыматтарга караганда, кыргыздардын эң алгачкы мекени түндүк батыш Монголиядагы Кыргыз-Нур көлүнүн айланасы болгон. Кийинчерээк алар хунндардын батышка карай жортуулунун натыйжасында Саян тоолорун ашып, Минусин өрөөнүнө келип, динлиндер менен аралаш жашап калышкан.

Байыркы кытай тарыхчысы Сыма Цзяндын маалыматы боюнча хунндардын башкаруучусу Маодун биздин заманга чейинки 201-жылы түндүк тарапта жашаган бир канча уруулардын ичинде динлин менен кыргыздарды же□ип алган деген маалымат бар. Ал эми Суй династиясынын мезгилинде түзүлгөн картада Борбордук жана Орто Азиядагы жашаган элдердин жерлери белгиленген. Андагы маалыматтарга караганда IV-V кылымдарда эле кыргыздардын бир бөлүгү Чыгыш Тянь-Шанды мекендегендигин билүүгө болот. Бирок алар жөнүндө X кылымга чейин маалыматтар жок.

Орхон-Енисей рун жазуулары жана кытай китептеринде VI-IX кылымдарда Минусин өрөөнүндө жашаган кыргыздар жөнүндө маалыматтар көп кездешет. Бул мезгилдерде кыргыздар түрк каганатына баш ийишсе да, алар саясий өз алдынчалыгын сактап келишкен. Түрк каганаты узакка созулган согуштардын жана ич ара келишпестиктердин натыйжасында начарлай баштаган. Бул абалдан пайдаланып, 745-жылы уйгур башкаруучусу Моюн-Чур Саян-Алтайда жашаган уруулардын колдоосу менен түрк каганатын же□ип, Борбордук Азиядагы саясий бийликти колуна алган. Моюн-Чурдун төңкөрүшүнө енисейлик кыргыздар да катышкан. Бирок, бир аз убакыттан

кийин алар, Түштүк Сибирдеги башка уруулар сыяктуу эле уйгур каганатына күч менен бириктирилген. Бул абал анча деле көпкө созулган эмес. Кыргыздар түндүк тараптан уйгур каганатына тез-тез кол салып турган. Уйгурлар менен кыргыздардын ортосундагы күрөш 820-жылдан баштап өтө күч алган. 840-жылы уйгур аскер башчысы Гюйлу Мохэ козголоң чыгарып, кыргыз ханын жардамга чакырган. Алар Орхон дарыясынын боюндагы уйгур каганатынын борбору Орду-Балыкты курчаган. Тарыхый маалыматтар боюнча кыргыз ханы өзү уйгур башкаруучусунун ордосун талап, өртөөгө катышкан. Орду-Балыктагы археологиялык изилдөөлөрдө «кыргыз вазалары» табылган. Ал буюмдар жумуртка формасында ичке моюндуу, түбү жалпак болуп коозолуп жасалган. Мындай вазалар кыргыздар жашаган Минусин өрөөнүндөгү көрүстөндөн табылган. Алардын Енисей ойдуңунун башка райондорунан да табылышы, кыргыздардын 840-жылдары ал жерлерди каратып алганын далилдейт.

Енисейлик кыргыздар IX кылымда саясий жактан күчөп турган мезгилде Түштүк Сибирдеги жана Борбордук Азияда көп райондорду каратып алышкан. Аны ошол жерден табылган археологиялык буюмдар аркылуу аныктоого болот. Кыргыздарга тиешелүү үрп-адат калдыктары эң алгач Хакасиянын Тюхтият өрөөнүнөн казылып алынган. Алардын өзгөчө белгилүүлөрү: алар өлгөн адамдардын сөөгүн өрттөп анын калдыктарын бир жылдан кийин келип көрүстөнгө көмүшкөн. Көрүстөндүн үстү боз үй формасында курулган. Кыргыздардын бул адаты кытай китептеринде жазылып калынган. Енисей кыргыздарынын мындай калдыктары Минусин өрөөнүнөн алыс аймактарда да табылган. Жогорудагы белгиленген археологиялык табылгалардын жана китептердеги маалыматтардын негизинде IX-X кылымдарда кыргыздардын кайсы территорияга чейин барышкандыгын далилдөөгө болот.

Енисей кыргыздары түндүк тарапта Красноярскийге чейин барышкан. Аларга тиешелүү көрүстөндөр аталган шаардын жанынан табылган. Уйгурлардын Кечжили тегин башчылык кылган бир бөлүгү азыркы Якутия-Байкал тарапты көздөй качып кетишкен. Алардын артынан кыргыздардын баргандыгын төмөнкү археологиялык табылгалар аркылуу билүүгө болот. Тегин Хэучэ башчылык кылган уйгурлардын экинчи бир бөлүгү Монголиянын чыгышында жашаган кидандарга качып кетишкен. Чыгыш Монголиянын Суджи аттуу жериндеги кыргыз акимине арналган эстеликте мындай жазуу болгон. «Уйгур жерине Йаглакаркан ата келдим. Кыргыз уулумун. Мен Бойла даражалуу сотмун. Куттуу Бага таркандын буйрук берүүчүсүмүн. Атак даңкым күн чыгышка, батышка тийди (жетти). Бай элем. Иним жети, уулум үч, кызым үч эле. Уулумду үйлөндүрдүм. Кызымды калыңсыз бердим. Окутуучума жүз эр, турак (жай) бердим. Жээнимди, неберелеримди көрдүм. Эми өлдүм. Уулум, эр жеткенде окутуучуңдай бол. Ханга кызмат кыл кайраттан».

IX-X кылымдарда Енисей кыргыздары түндүк батышта Новосибирск, Томскиге чейин барышкан. Аны Кемерово жана Новосибирск областтарындагы кыргыздардын тютях сыяктуу көрүстөндөрү аныктайт. Новосибирскинин айрым райондорунан «кыргыз вазалары» табылган.

Енисей кыргыздары IX-X кылымдарда Тоолуу Алтай аймагына да кирип барышкан. Ага Усть Кан районундагы Мөндүр Соккон кыштагындагы Тарпак аттуу даңктуу кыргызга арналган руникалык жазуу далил боло алат. Ушул эле мезгилде Енисей кыргыздары батышта Иртыш дарыясына чейин барышкан. Археолог Ф.Т.Арсланова бул суунун боюндагы Бобров кыштагынан өрттөлүп же жөн эле көмүлгөн көрүстөндөрдү жолуктурган. Чыгыш авторлорунун маалыматтары боюнча Енисей кыргыздары принц Пан-тегин башчылык кылган уйгурлардын тобун кууп, Тянь-Шань жана Жети-Сууга чейин келишкен. 843-жылы Кытай өлкөсүнүн борборуна келген элчиси Тапу мындай кабарды айткан: «кыргыздар Аньси, Бэйтин, дада жана беш урууну баш ийдирип алышты. Бул маалымат 840-жылдары Кытай императорунун биринчи министри Ли-Дэ-Юйдун өмүр баянында да жазылып калган».

Енисей кыргыздарынын бир бөлүгү IX кылымда Тянь-Шань тоолоруна келгендигин археологиялык табылгалар да далилдейт. 1961-жылы Жунгар Ала-Тоосунун жанындагы Текели шаарынан алыс эмес жердеги темир жана коло буюмдары табылган. Бул буюмдар Чыгыш Казакстандагы кимактардын, Түндүк Кыргызстандагы жана Енисей кыргыздарынын

көрүстөндөрүнөн казылып алынган табылгалар менен окшош болгон. Текелидеги археологиялык калдыктар, Енисей кыргыздарынын IX кылымда саясий жактан жогорулап турган мезгилинде Жети-Сууга чейин келишкендигине күбө боло алат. 1891-жылы край таануучу А.М.Фетисов Кочкор өрөөнүндө археологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Анын табылгаларын А.Н.Бернштам VIII-IX кылымдарга тиешелүү экендигин аныктап, А. Фетисовдун табылгалары менен Минусин өрөөнүндөгү Копен Чаатас археологиялык буюмдарынын жасалышын окшоштуруп, алар Енисей кыргыздарынын Тянь-Шань тоолоруна көчүп келишинин материалдык далили боло алат деген. Ошондой эле А.Н. Бернштам ушундай окшош буюмдарды Нарын дарыясынын боюнан, Аламышыктагы №2 көрүстөнүнөн да тапкан.

940-жылы араб географы Абу Дулаф Бухарадан өз өлкөсүнө кайтып бара жаткан кытай элчилери менен кошо Тянь-Шань жана Чыгыш Түркстан аркылуу өткөн да, көргөн-уккандарын жазып калтырган. Анда кыргыздар уйгурлар менен карлуктар жашаган жерлердин ортосунда көчүп жүргөндүгүн белгилеген. Бул маалымат кыргыздардын X кылымдын орто ченинде Чыгыш Тянь-Шанды мекендеп тургандыгын далилдейт. 1913-жылы чет өлкөлүк окумуштуу Альберт Ле Кок чыгыш Түркстандан Кучанын Батыш тарабынан Кум-Тур кыштагынан эки живописинин фрагментин тапкан. Ю.С.Худяков анын экинчисиндеги зоот кийинген адамга кол салып жаткан сүрөтүн изилдеп, алардын тартылышы Минусин жана Тувада табылган эстеликтер менен окшош экендигин аныктаган. Ю.Худяковдун пикири боюнча, Кум-Турдагы сүрөт Енисей кыргыздарынын 840-жылдардагы согуш аракетинин убагында тартылышы ыктымал деген.

XI-XII кылымдардын аралыгында жашаган араб автору ал-Марвази да кыргыздарды Чыгыш Тянь-Шандын аймагында жайгаштырат. Анын маалыматы боюнча кыргыздар кимактардын түштүгүндө, ягма менен карлуктардын чыгышында, Куча жана Карашардын түндүк чыгышында орун алышкан. Демек кыргыздар XI кылымда Чыгыш Тянь-Шандын түндүк жагында мекендеп тургандыгын билүүгө болот. Андан кийинки маалыматтар Тимурдун Моголистан мамлекетине жасаган жотуулдарында кыргыз элинин этникалык составындагы урууулардын аттары кездешкен. Алардын бири черик уруусу болгон. Чериктер байыркы доордо Чэ-ли деген ат менен белгилүү болушкан. Махмуд Кашгаринин маалыматы боюнча «черик» - аскер, жоокер деген маанини түшүндүргөн. Бул термин «Манас» эпосунда да көп кездешет. «Маджму ат-Таварих» эмгегиндеги маалыматтарга таянсак алардын жол башчысы Энге-Торо Бай Мурад черик болгон. Ал Могулистан мамлекетинин улус башкаруучусу катары эскерилет.

Енисей жана Тянь-Шань кыргыздарынын этногенездик байланышын Тан династиясынын тарыхындагы маалыматтар да тастыктайт. Андагы маалыматтар боюнча Енисей кыргыздарынын башкаруучусу кышында суусар тебетей, жайында алтын алкактуу калпак кийген. Бул маалыматтар Тянь-Шандык кыргыздарга да түздөн-түз тиешелүү. Алардын азыркы күнгө чейин кийип жүргөн калпактары жогорудагы сүрөттөлгөн формадан айырмасы жок. Тянь-Шандык кыргыздар Октябрь төңкөрүшүнө чейин курларына бычак, кайрактарды илип алып жүрүшкөн. Демек, алар турмуш-тиричилигиндеги бул адаттарды Енисей өрөөнүнөн алып келишкендиги талашсыз.

Енисей кыргыздарынын үйлөрү кийиздер (туурдуктар) менен жабылган, алар эт жана бээнин сүтү менен тамактанышып, үйлөнгөндө калыңды жылкы жана койлор менен беришкен. Бул маалыматтар тяньшандык кыргыздардын боз үйүнө окшош. Кыргыз элинин этникалык составындагы уруу-уруктардын аттарынын негизинде алардын этногенезин Минусин ойдуңу менен байланыштырса болот. Енисей кыргыздарынын алты сары, жети сары уруулары болгон. Жети сары – алтайлыктардын жана тувалардын уругу болгон. Демек, саруулар Енисей кыргыздарынын бир бөлүгүнүн Тянь-Шанга көчүп келгендигин далилдейт. Кыргыз аттуу урук алтайлыктардын жана тувалыктардын этникалык курамында бар. Тянь-Шандык кыргыздар менен Саян-Алтай элдеринин этникалык курамындагы уруу-уруктарынын окшоштугу жөнүндө Л.П. Потаповдун эмгектеринде төмөндөгүдөй берилген: IX-X-кылымдарда Енисей кыргыздарынын урууларынын көчүп жүргөн жерлери Туванын, Тоолуу Алтайдын, анын чет жакаларына чейинки аймакты камтыган. Жергиликтүү калктын Енисей кыргыздары менен аралашып кетишин алтай тилинин, фольклорунун материалдары жана кээ бир окшош этнонимдер аныктайт.

Ошондой эле кыргыздардын оң жана сол канатка бөлүнүшү тува элинде гана кездешкен.

1755-1757-жылдары Кытай өкмөтү кыргыздарды Алтай, Хангай тоолорунан Фуюй уездине (Манчжурия) көчүрүп барышкан. Алардын кийген кийими тери тон, тери шым, тебетей, бакшылары бар шаман динин тутушкан. Тарыхта фуюй кыргыздарынын алты урууcунун бири белтир деп аталган. Бул этноним енисей жана Тянь-Шань кыргыздарынын этникалык курамында бар. Жалпысынан бул маалыматтар енисей, тяньшан жана фуюй кыргыздарынын түпкү теги бир экендигин далилдейт.

Енисей кыргыздарынын бир бөлүгүнүн Чыгыш Тянь-Шанга көчүп келгендиги, эң алгачкы жайгашкан жерлери Манас өрөөнүнөн Текеске чейинки аймак болгон. Булар жөнүндө уламыштар көп. Синьцзян-Уйгур автономиялуу районунда отурукташып, уйгур тилинде сүйлөгөн, түпкү тегин кыргыз деп эсептешкен калк өзүлөрүнүн эзелки мекени Үч-Куштай, Жылдыз, Күнгөс, Манас шаары болгондугун да эскеришет.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Малявкин А.Г. Уйгурские государства в IX-XII вв._ Новосибирск, 1974
2. История Киргизской ССР., Т.1., Фрунзе, 1984.
3. Материалы по истории киргизов и Киргизии, вып,М.1973.
4. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко культурные связи.
6. Кычанов Е., Бейшеналиев Т. Юань-Мин жоорундагы кыргыздар – Кыргыздар, Бишкек., 1991.
7. Баскаков Н.А. Этнонимы алтайцев, киргизо, тувинцев и хакасов как источник этнографических связей этих народов между собой. Ономастика Киргизии . Ф., 1985.